382

**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**Дары-дармектер жана медициналык**
**техникалар менен камсыздандыруу**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Джанкорозова М. К.** ______________
**«08» май 2019 - ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ГЕРБИОН® ЧЫРМООК СИРОБУ

Чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты

*Какырууну жакшыртуу үчүн*

**Соодадагы аталышы**
Гербион® чырмоок сиробу (Herbion ivy syrup)

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Чырмоок жалбырактарынын экстракты

**Дарынын түрү**
Сироп

**Курамы**
1 мл сироптун курамында бар:
*Активдүү зат:* чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты 30% м/м (5-7,5:1)[1] – 7 мг.
*Көмөкчү заттар:* суюк сорбитол (кристаллдашпаган) (E420), глицерин (E422), натрий бензоаты (E211), лимон кислотасынын моногидраты (E330), жыпар жыттуу бальзам (бальзамдын курамында бар: пропиленгликоль, этанол, цитронелл майы, Litsea cubeba цитраль экс., лимон майы жана кориандр майы), тазаланган суу.
[1] Өсүмдүктөн жасалган субстанция \ экстракт = 5 – 7,5:1. Экстрагент: этанол 30% (м/м). Башка көмөкчү заттар: 0%.

**Сүрөттөмөсү**
Саргыч-күрөң түстөгү өзгөчө жыты жана даамы бар сироп.
Табигый түрдөгү заттар үчүн мүнөздүү тунманын болушуна жол берилет.

**Фармадарылык тобу**
Сасык тумоонун жана жөтөлдүн симптомдорун жок кылуу үчүн дарылар. Какыртуучу дарылар. Чырмоок жалбырактарынын экстракты.
АТХ коду: R05CA12

**Фармакологиялык касиеттери**
Гербион чырмоок сиробунун курамында муколитикалык жана бронхоспазмолитикалык каражат катары таасир берген кадимки чырмооктун жалбырактарынын экстракты бар. Дары какырыктын илээшкектигин төмөндөтүүгө шарт түзөт, какырууну жеңилдетет жана жөтөлдү тынчтандырат.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
Гербион чырмоок сиробу нымдуу жөтөлдө какыртуучу каражат катары колдонулат.

**Колдонуу жолу жана дозалоо**
*Чоңдор жана 12 жаштан улуу өспүрүмдөр:* 5-7,5 мл сироп күнүнө 3 жолу (суткасына 105-157,5 мг чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактына туура келет).
*4төн 12 жашка чейинки балдар*: 5 мл сироп күнүнө 3 жолу (суткасына 105 мг чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактына туура келет).
*1ден 4 жашка чейинки балдар*: 2,5 мл сироп күнүнө 3 жолу (суткасына 52,5 мг чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактына туура келет).
*1 жашка чейинки ымыркайлар*: 2,5 мл сироп күнүнө 2 жолу (суткасына 35 мг чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактына туура келет).
Гербион чырмоок сиробу тамактануудан көз карандысыз ичилет. Жетиштүү өлчөмдөгү жылуу суу же чай менен ичүү сунушталат.
Эгер сиропту ичип баштагандан кийин бир жума аралыгында симптомдору сакталса, анда дарыгер менен кеңешүү керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**
Активдүү субстанцияга, аралия түркүмүндөгү башка өсүмдүктөргө же дарынын көмөкчү заттарынын бирине карата жогорку жеке сезгичтик.

**Дары каражатын колдонуу боюнча өзгөчө көрсөтмөлөр**
Эгер оорулуунун абалы 7 күн дарылоодон кийин жакшырбаса, же дем алуу кыйындаса, ириңдүү какырык пайда болсо же дене табы көтөрүлсө, дарыгерге кайрылуу керек.
Адис менен алдын ала кеңешүүсүз кодеин же декстрометорфан өңдүү жөтөлгө каршы каражаттар менен биргеликте колдонуу сунушталбайт. Курчуу баскычындагы ашказан-ичеги жолдорунун оорулары бар бейтаптар этияттыкты сакташы керек.
*Дарынын айрым ингредиенттери жөнүндө маанилүү* маалымат
Гербион чырмоок сиробунун курамында сорбитол (Е420) бар. Фруктозаны көтөрө албастык сейрек кездешүүчү тукум куучу бузулуулары бар бейтаптар бул дарыны ичпеши керек.

Дарынын курамында бир аз өлчөмдө этанол (спирт) бар – бир дозада 100 мгдан аз.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Ичип баштоо алдында дарыгерге Сиз кандайдыр бир башка дары каражаттарын ичип жатканыңызды же жакында ичкениңизди билдиришиңиз керек.

Башка дары каражаттары жана тамак-аш азыктары менен өз ара таасири жөнүндө маалыматтар жок.

**Кош бойлуу жана бала эмизген мезгилде колдонуу**

Кандайдыр бир дарыларды ичүү алдында дарыгер менен кеңешүү керек.

Кош бойлуу жана бала эмизген мезгилде колдонуунун коопсуздугу боюнча маалыматтар чектелүү болгондугуна байланыштуу бейтаптардын бул категориясына колдонуу сунушталбайт.

**Авто унаа айдоо жана потенциалдуу кооптуу механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири**

Дарынын авто унааны жана башка механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири жөнүндө маалымдалган эмес.

**Дозадан ашык колдонуу**

Сунушталгандан ашык дозаны колдонууга болбойт.

*Симптомдору:* суткалык дозадан эки эседен ашкан дозаны ичүүдө көңүл айлануу, кусуу, диарея, дүүлүккөн абал болушу мүмкүн.

*Дарылоо:* симптомдоруна жараша.

Өткөрүп жиберген дозаны компенсациялоо үчүн сироптун эки дозасын ичүүгө болбойт.

**Кыйыр таасири**

Бардык дары каражаттарына окшош эле Гербион чырмоок сиробу айрым учурларда кыйыр таасирлерди пайда кылышы мүмкүн.

Тез-тез (≥1\100 дөн <1/10 чейин):

- көңүл айлануу, кусуу, диарея

Тез эмес (≥1\1000 ден <1/100 чейин):

- бөрү жатыш, тери исиркеги, купероза же дем алуунун кыйындашы түрүндө аллергиялык реакциялар.

Аллергиялык реакциялар пайда болгон учурда дарыны ичүүнү токтотуп жана дарыгер менен кеңешүү керек.

Кошмо-баракчада эскертилбеген кыйыр реакциялар пайда болгон учурда, сураныч, алар тууралуу дарыгерге билдириңиз.

**Чыгаруу формасы**

Сироп

150 мл сироп биринчи жолу ачылганын контролдогучу бар пластик капкагы бар күңүрт айнектен жасалган айнек флакондо. 1 флакон дозалоочу пластик кашык жана колдонуу боюнча нускама менен картон кутучага салынат.

**Сактоо шарттары**
30 ºСдан жогору эмес аба табында сактоо керек.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл.
Сиропту флаконду биринчи ачкандан кийин 3 ай аралыгында пайдалануу керек.
Дарыны жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Берүү шарттары**
Рецепти жок берилет.

**Өндүрүүчү**
КРКА, д.д., Ново место, Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения

**Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттарынын сапаты боюнча арыз доолорду (сунуштарды) кабыл алуучу уюмдун аталышы жана дареги**
КРКАнын өкүлчүлүгүнүн кеңсеси д.д., Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., 720001
Телефону: +(996) 312 662 250
Электрондук почтасы: pharmacovigilance.KG@krka.biz